БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
_______ Абдыразакова А.А
" 7 " _______ 2022 жыл.

**Класстан тышкары жана мектептен тышкары иштерди уюштуруучу**

1. **Кызматтык милдеттери:**

- Педагогикалык жактан негизделген жана социалдык жактан аныкталган класстан тышкары жана мектептен тышкары окуучуларды тарбиялоо иштерин түзөт, пландаштырат жана аткарат;
- Окуучуларды тарбиялоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууга көмөк көрсөтөт;
- Окуучулардын активдерин класстан тышкаркы иштеринин кээ бир түрлөрүнө окууну уюштурат;
- Педагогикалык кызматкерлерге, класс жетекчилерине, окуучулардын өзүнө өзү башкарууларына класстан тышкары жана мектептен тышкары иштерин уюштурууга усулдук жардам көрсөтөт;
- Класс жетекчилердин иш- тажрыйбалары менен алмашууну уюштуруп, тарбиялоо ишинин алдыңкы тажрыйбаларын толуктап, таркатат;
- Окуучуларды мектептен тышкары тарбиялоо боюнча бирдиктүү ишкердүүлүктү жүргүзүү үчүн ишканалар, мекемелер жана коомдук бирикмелер менен байланыштарды түзөт;
- Тарбиялоо иш-чараларын өткөрүүгө ата-энелерди ( мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту тартуунун иш- чараларын көрөт;
- Жалпы билим берүүчү жана мектептен тышкары уюмдарында иштеген ар кандай ийрим жана секцияларга окуучуларды тартууну уюштурат, аталган ийрим жана секциялардын жетекчилери менен байланышты колдойт.

2. **Билиш керек :**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;
- Кыргыз республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана

"Мугалимдин статусу жөнүндө" Мыйзамдарын жана окуучуларды тарбиялоо боюнча ченемдик- укуктук документтерин;

- Педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негиздерин ;
- Балдардын социологиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынны негиздерин;
- Дүйнөлүк жана ата- мекендик педагогикалык илиимдин жана тажрыйбанын жетишкендиктерин ;
- Мамлекеттик институттарынын, коомдук уюмдарынын окуучуларга билим берүү жана укуктарын;
- Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны;
- Педагогикалык жүрүм- турумдун ченемдерин;
- Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин.

**3. Дасыктык талаптар:**

Орто педагогикалык жана жогорку педагогикалык билими, педагогикалык кызмат ордунда беш жылдан кем эмес иштеген стажы.

Кызматтык милдетим менен тааныштым: